**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 13.23.675 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК: 80:37(575.2) (043)

**ОСМОНАЛИЕВА САБИРА ЧОЁНОВНА**

# ЖОЖдордун ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИНДЕ БОЛОЧОКТОГУ МУГАЛИМДИН ЖАЗУУ МАДАНИЯТЫН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН ИЛИМИЙ НЕГИЗДЕРИ

**13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили)**

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2025**

Диссертациялык иш Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика, психология, окутуунун технологиялары кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Сакиева Сайипжамал Салайдиновна**<br>педагогика илимдеринин доктору, профессор,<br>Б.Осмонова атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын профессору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Чыманов Жеңишбек Арипбекович**<br>педагогика илимдеринин доктору, профессор<br>Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын профессору<br>**Джороев Ташболот Абдыхайымович**<br>педагогика илимдеринин кандидаты, доцент<br>Ош мамлекеттик университетинин квалификацияны жогорулатуу борборунун директору |
| **Жетектөөчү мекеме:** | А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасы жана педагогика, психология кафедрасы (723500, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Н.Исанов көчөсү, 73а) |

Диссертациялык иш 2025-жылдын 28-февралында саат 13.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, 10-кичи району, Саманчин көчөсү, 10 а.

Диссертацияны коргоону онлайн-көрсөтүү үчүн идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/d13-%20oyf-pc2-yyg

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (Бишкек ш., Раззаков көч., 51а), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) илимий китепканаларынан жана https://vak.kg/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын 28-январында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Д. К. Омурбаева**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Ааламдашкан жараянда жашап жаткан кыргыз коомунун билим берүү системасынын алдында өсүп келе жаткан жаңы муунду окутуунун жана тарбиялоонун натыйжалуулугун жогорулатуу милдети болуп көрбөгөндөй курч абалда турат. Ушул проблеманын өзү Кыргызстандын билим берүү системасынын бардык багыттарын өркүндөтүүнү, ошондой эле болочоктогу мугалимдердин кесиптик даярдыгынын сапатын жакшыртууну зарылдык катары кароону шарттап турат. Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультинде болочоктогу мугалимдердин жазуу маданиятын өркүндөтүү темасынын актуалдуулугу педагогикалык практиканын суроо-талаптары менен шартталган десек жаңылбайбыз. Бүгүнкү күндөгү кыргыз коомунда жазуу маданиятынын алкагындагы сулуу, кооз, сабаттуу жазуу искусствосунун начарлап кетүүсү, кесиптик даярдыктын алсыздыгы, билим берүүнүн жетиштүү даражадагы деңгээлинин начар көрсөткүчү, жазуу маданиятын өркүндөтүү чөйрөсүндө атайын даярдыктын начардыгы, ЖРТ аркылуу кабыл алынган студенттердин каллиграфиялык даярдыгынын талапка ылайык эместиги олуттуу боштук катары таанылууда. Бирок, башталгыч класстын болочок мугалими үчүн маданияттуу жазуу биринчи кезектеги негизги талап, анткени алар, башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын алгачкылардан болуп калыптандыруучу устат. Баланын руханий адеп-ахлактык компонентин калыптандыруудагы натыйжалуу таасирлердин бири болуп, жазуу маданиятын калыптандыруу саналат. Эгерде сүйлөө тили окуучулардын сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүп, алардын инсандык сапаттарын, дүйнө таанымын, курчап турган дүйнөгө болгон позитивдүү мамилесин, жоопкерчилигин, эмгекчилдигин, баарлашуу маданиятын калыптандырса, жазуу тили баланын психикалык өнүгүүсү үчүн чоң мааниге ээ болуп, ой жүгүртүүнү өнүктүрөөрү илимий эмгектерде белгиленип келет. Тактап айтканда, жазуу тилин ушундай түшүнүү азыркы психолингвисттердин түшүнүктөрүнүн өзөгүн түзөт, ага ылайык, сабаттуу жазуу – бул бардык тексттик иш - аракеттер сыяктуу эле, жазуу (орфография, грамматика, стилистика жана пунктуация) жөн гана сүйлөө жөндөмү эмес, таанып-билүүчүлүк-коммуникативдик болгон тилдик каражаттар аркылуу сүйлөө чыгармасында ойду билдире билүү экендигин тана албайбыз.

Жазуу маданияты коомдо, билим берүү системасында маалымат жеткирүүчүлүк, маалыматты түшүнүүчүлүк, таанымдык, иш-аракеттик (прагматикалык), рационалдык жана мемориалдык функцияны аткарат. Бирок, жазуу маданияты аткара турган кызматтардын маанилүү экендигине карабастан, Кыргызстандагы билим берүү стандарттары жана алардын негизинде иштелип чыккан окуу пландары, окуу-методикалык комплекстер болочок башталгыч класстын мугалимдеринин жазуу маданиятынын өнүгүүсүнө өтө терең багытталбагандыгын белгилей кетүүгө болот. Тактап айтканда, биринчи кезекте,

болочоктогу башталгыч класстын мугалими адистигине тапшыра турган абитуриенттер учурдагы кыргыз коомунда ЖРТнын негизинде кабыл алынат, алардын жазуу маланияты (кооз, сулуу, сабаттуу жазуусу) эске алынбайт, анын натыйжасында жогорку окуу жайынын педагогика факультетине кабыл алынган студенттердин жазуу маданиятын жогорулатуу жаатында иш алып барууга туура келет. Экинчиден, жазуу маданияты (каллиграфиясы) ар түрдүү деңгээлде калыптанып калган студенттердин жазуу маданиятын талапка ылайык оңдоо маселеси да учурда көйгөй жаратат. Үчүнчүдөн, болочок мугалимдердин жазуу маданиятын калыптандыруу үчүн билим берүү стандартында белгиленген сааттын өлчөмү өтө аз. Мындай көрүнүштөр да изилденүүчү проблеманын актуалдуулугун шарттап турат.

Жазуу маданиятынын теориялык жана практикалык маселелерин илимий өңүттө изилдеген изилдөөчүлөрдүн катарына чет өлкөлүк жана  Ата мекендик изилдөөчүлөр кирет. Алгач чет өлкөлүк окумуштууларды атай кетсек, педагогика жана психология боюнча эмгектери менен белгилүү болгон Л.С.Выготский (1972), Н.И.Жинкин (1956), А.Н. Леонтьев (1969; 1975; 1997), А.Р. Лурия (1950). Бул окумуштуулар негизинен башталгыч класстын окуучуларынын сүйлөө синтаксистик системасын түзүшсө, лингвистикалык багытта Т.А.Ладыженская (1980), М.Р.Львов (2003), Т.Г.Рамзаеванын (2000), сабаттуу жазууну өнүктүрүү боюнча методикалык, М.А.Жураева (2020) каллиграфия темасындагы эмгектерди жаратышкан. Ал эми кеп жана жазуу маданиятынын алкагында М.М. Безруких, Т.Е.Хохлова (1993), Е.В. Гурьянов (1952), Л.Я. Желтовская (1987), Е.Н.  Соколова (1964), В.А.  Илюхина, Е.Н (1997). Потапова (1987), Н.А.Федосова (1988), В.А. Сухомлинский (1981; 1992), Ю.Ю. Марков (2011), А.Н. Щукин (2011), П.В. Сысоев (2016),  К.А.Мерзляков (2016), Д.С. Домрачев (2010), И.Е. Гельб (2004), Ю.М. Лотман (2004), В.Э.Морозов (2007), И.В. Михайлова (2016), Е.В. Ушакова (2008), В.В.Соколова (1995), А.Д. Альферов (1911), М.Р. Львов (2003), Н.А. Замуруева (2008), Н.Н. Стаховский (1963) ж.б.

Жазуу маданияты терминин илимий айлампага кийирип жүргөн Ата мекендик окумуштуулардын катарына С.К.Рысбаевди (2014; 2022) кошууга болот. Булардан сырткары Ж.Мукамбаев (2016), С.Давлетов (2016), Т.К.Ахматов (1986), А.Осмонкулов (1974), К.Сартбаев (1971; 2013), Ж.А.Чыманов (2009), В.И. Мусаева (2016),  С.С. Сакиева (2015; 2017; 2022; 2023),  Б.С. Чокошева (2017), А.Р. Акунова (2007), И. Абдувалиев (2008), Б.М. Акматов (2016), К.М.Ураимов (2013), К.А.Абдраимов (2019) жана башкалар Ата мекендик педагогика илиминде кеп жана жазуу маданиятын темасынын алкагында илимий иликтөөлөрдү жүргүзүшүп, жыйынтыктуу пикирлерди сунушташкан.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелерде жүргүзүлгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Изилдөөнүн темасы Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин  негизги илимий изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты** – кесиптик даярдоо учурунда башталгыч класстардын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданиятынын теориялык жана эксперименталдык жактан негизделген педагогикалык шарттарын жана моделин түзүү.

Изилденүүчү проблемага, объектке, предметке, максатка ылайык төмөнкү **изилдөө милдеттери** алдыга коюлду:

1. Жазуу маданиятын өнүктүрүү боюнча заманбап илимий-педагогикалык, илимий-методикалык лингвистикалык, адабий-педагогикалык жана психологиялык-педагогикалык багыттардын, ошондой эле окуу-нормативдик документтердин (мамлекеттик стандарттар, окуу программалары жана окуу адабияты) жетишкендиктерин талдоо, жалпылоо, системалаштыруу. Кыргызстандын мектептеринде болочок башталгыч класстардын мугалимдеринин жазуу маданиятын калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо.жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттиринде билим алышкан башталгыч класстардын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү боюнча илимий өңүттө изилдөө жүргүзүү жана анын теориялык жана методологиялык өбөлгөлөрүн аныктоо.

2. Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин кесиптик-педагогикалык маданиятынын курамдык бөлүгү катары мектептердин келечектеги башталгыч класстарынын мугалимдеринин жазуу маданиятын калыптандыруунун илимий негиздерин жана педагогикалык шарттарын аныктоо. Жазуу маданиятын өркүндөтүү боюнча тренингдерди, технологияларды иштеп чыгуу: башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өнүктүрүү моделдери, акыл-аракет компонентинин жана жазуу маданиятынын негизинде методикалык жазуу тапшырмаларынын жана көнүгүүлөрдүн комплекси, окутуунун интерактивдүү ыкмалары, ролдук жана функционалдык оюндардын сценарийлерин, ошондой эле башталгыч класстардын болочок мугалиминин жазуу маданиятын өркүндөтүү үчүн педагогикалык шарттарды ишке ашыруунун методикалык тутуму.

3. Келечектеги башталгыч класстардын мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү моделинин натыйжалуулугун аныктоо, изилдөөнүн критерийлерине жана баалоо базасына негизделген педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө технологияларды колдонуу жана тренингдерди өткөрүү. Кесиптик даярдоо процессинде болочок башталгыч класстардын мугалимдеринин жазуу маданиятын өнүктүрүү боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**. Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде мугалимдик кесипке даярдалып жаткан башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн зарылдыгы кесиптик маанилүү багыт катары каралып:

- диссертацияда жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн Ата мекендик жана чет өлкөлүк ыкмаларында болгон айырмачылыктар, жазуу коммуникациясынын көндүмдөрүн жана аны өркүндөтүүнүн натыйжалуулугуна олуттуу таасир тийгизген айырмачылыктар ачылган;
- башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн моделдери системалуу, ишмердик, аксиологиялык, рационалдык, маданий мамилелердин негизинде иштелип чыгып, татаал түзүмдүк компоненттерди (баалуулук-мотивациялык, когнитивдик, рационалдык-ишмердик, жана натыйжалуулук) камтыган татаал система катары конструкцияланган;
- башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн моделдерин маданияттуу жазуу-ишмердик компоненттин негизин түзгөн жазуу көндүмдөрүнүн үлгүлөрүнүн комплекси аныкталды: жазуу маданиятынын эволюциясын эске ала билүү (кенже мектеп окуучулары); рационалдык ишмердүүлүк аркылуу ар кандай деңгээлдеги жазуу системасында колдонулуучу тажрыйбаны жекелештире билүү (кенже мектеп жашындагы балдардын жазуу маданиятынын өзгөчөлүгүн аныктай билүү);
- жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттериндеги кесиптик-педагогикалык маданияттын курамдык бөлүгү катары башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өнүктүрүүнү камсыз кыла турган педагогикалык шарттар аныкталды жана негизделди: жалпы жазуу, маданий, каллиграфиялык жана психологиялык-педагогикалык билимдерди интеграциялоо; билим берүү жараянына катышуучу болочок мугалимдердин жазуу маданиятынын гуманисттик багытына, окутуучунун фасилитативдик позициясына багыт алуу менен субъекттик мамилелерин ишке ашыруу; билим берүү жараянынын катышуучуларынын маданияттуу жазууну өздөштүрүүчүлүк өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуучу билим берүү-издөө рационалдык-жүрүм-турумдук, маданий багыт; студенттердин талапка ылайык жазуу иш-аракеттерин калыптандыруу; маданияттуу жазууда студенттердин субъективдүү тажрыйбасын максаттуу актуалдаштыруу, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин кесиптик даярдоо жараянынын практикалык-ишмердик багыты сунушталды.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси** изилдөөнүн критерийлери жана баалоо базасы иштелип чыккан башталгыч класстардын мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн моделинин мүнөздөмөсү менен педагогикалык кадрларды кесиптик даярдоонун теориясын байытууда; изилденип жаткан кубулушту системалуу талдоонун эсебинен мугалимдин кесиптик даярдоо процессинин теориялык-методологиялык негиздерин толуктоо, башталгыч класстардын болочок мугалиминин жазуу маданиятын өнүктүрүүнүн маңызы, мазмуну, түзүмү, деңгээлдери жөнүндө татаал түшүнүк; бул жараянынын натыйжалуулугун камсыз кылуу, педагогикалык шарттарды негиздөө, башталгыч класстардын болочок мугалиминин жазуу маданиятын өнүктүрүү

технологиясын иштеп чыгуу аркылуу кесиптик даярдоо жараянынын илимий көз карашын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**. Башталгыч класстардын келечектеги мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү боюнча изилдөөнүн теориялык жоболорунун, корутундуларынын, аныкталган эксперименталдык конкреттүү усулдук сунуштарынын жана талапка ылайык жазууну калыптандыруу үчүн талап кылынган педагогикалык шарттардын практикадагы орду өтө чоң. Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү модели, атайын жазуу сабактарынын программалары «Тил илимине киришүү жана каллиграфиянын практикуму», «Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасы», «Окуу жана жазууну дифференциялап, интеграциялап окутуу», «Окуу көндүмдөрүн калыптандырууну өркүндөтүү», «Адабий окууга үйрөтүүнүн теориясы жана методикасы» жогорку педагогикалык билим берүү системасында адистерди кесиптик даярдоо процессин илимий-методикалык жактан камсыз кылууну иштеп чыгууда чагылдырылган. Инсанга багытталган технологиялардын, окутуунун интерактивдүү методдорунун, ролдук жана иштиктүү оюндардын сценарийлеринин, микротренингдердин иштелип чыккан комплекси аларды тиешелүү методдор, ыкмалар, каражаттар, көндүмдөр менен чыгармачылыкты айкалыштырууга жана байытууга мүмкүндүк берет, кесиптик билим берүүнүн педагогикалык инструменттерин кеңейтет. Тапшырмалардын, көнүгүүлөрдүн иштелип чыккан системасы маданияттын диалогунун контекстинде маданий кубулуштарды (анын ичинде жазуу жүзүндөгү көрүнүштөрдү) салыштырып, баалоого жөндөмдүү инсандын кесиптик-педагогикалык маданиятынын өнүгүшүн камсыз кылат. Талапка ылайык сулуу жазуу программалары, анын алкагындагы атайын берилүүчү тексттер башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өнүктүрүү деңгээлин аныктоо үчүн критерий жана баалоо аппараты болуп саналуу менен бирге, адистин кесиптик калыптанышына эксперттик баа берүүнүн курамдык бөлүгү катары каралат.

**Коргоого алынуучу негизги жоболор**.

1. Жогорку окуу жайларындагы башталгыч класстардын болочок мугалиминин жазуу маданияты социопедагогикалык кубулуш катары инсандын кесипкөйлүккө жана маданий өз алдынчалыкка умтулуусун күбөлөндүргөн талапка ылайык жазуу стилин өркүндөтүүдө, жазуу эрежелерин (каллиграфия) колдонуу жөндөмүндө көрүнөт;

2. Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультетинин башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү системалык, ишмердик, аксиологиялык, акмеологиялык, маданий мамилелердин негизинде иштелип чыккан жана төмөнкүдөй өз ара байланышкан компоненттерди камтыган моделди ишке ашыруу менен камсыз кылынат:

- Ата мекендик тилдик методдун жетишкендиктерин эске алуу менен болочок адистердин жазуу маданиятын өркүндөтүүдө педагогика илиминин

айрым ыкмаларын колдонуу студенттердин расмий-иштиктүү, ошондой эле күнүмдүк баарлашуу чөйрөсүндө сүйлөө жана жазуу компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатууга алып келет;

- Жогорку окуу жайлардын башталгыч класстын болочок мугалимдерин даярдоо бөлүмдөрүндө **«Окуу жана жазууну дифференциялап, интеграциялап окутуу»** курсун ж.б. предметтерди окутууда, жазуу маданиятын калыптандыруу эрежелерине ылайык окутууну ишке ашыруу жана студенттердин коммуникативдик-чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү максатында келечектеги башталгыч класстын адистери үчүн кесиптик мааниси бар сабактарды окутуу программасына киргизүү натыйжалуулукка алып келет;

- сунушталган методика жогорку окуу жайларында башталгыч класстын болочок адистерин даярдоонун жүрүшүндө, айрыкча «Окуу жана жазууну дифференциялап, интеграциялап окутуу» ж.б. курстарын өздөштүрүүдө, кесиптик же атайын курстарды жана практикумдарды жүргүзүүдө, болочок мугалим адистердин квалификациясын жогорулатууда, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштөө жараянында жазуу маданиятын өркүндөтүүгө даярдоонун ар кандай этаптарында колдонулушу мүмкүн;

- башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн сунушталган методикасы студенттерди сөздүн расмий-иштиктүү стилинин ар кандай кесиптик мааниге ээ жанрлары, алардын өз ара байланыштарындагы жазуу жүзүндөгү сөздөрдүн ар бир маанилик бөлүгүн жазуунун өзгөчөлүктөрү менен тааныштырууга өбөлгө түзөт, болочок мугалимдердин кесипкөйлүгүнүн, өндүрүмдүүлүгүнүн жана чыгармачылык потенциалынын өсүшүнө түрткү берет;

- башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өнүктүрүүнүн деңгээлдерин жана көрсөткүчтөрүн чагылдырган моделдин бардык компоненттеринин интеграция деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берүүчү баалоочу-натыйжа компоненти ишке ашат;

3. Башталгыч класстардын болочок мугалиминин жазуу маданиятын өнүктүрүүнү камсыз кылуучу педагогикалык шарттардын комплекси катары:

- жалпы маданий, лингвистикалык жана психологиялык-педагогикалык билимдердин интеграциясы;
- окутуунун гуманисттик багытына, окутуучунун фасилитативдик позициясына багытталган билим берүү процессинин катышуучуларынын субъект-субъекттик мамилелерин ишке ашыруу;
- билим берүү процессинин катышуучуларынын сулуу жазуу таасирин камсыз кылуучу проблемалуу, билим алуу-издөө, эмоционалдык-жүрүм-турумдук, маданий багыттагы окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу;
- студенттердин илимий-изилдөө иштеринин тажрыйбасын калыптандыруу;

- сулуу жазуу студенттердин субъективдүү тажрыйбасын максаттуу актуалдаштыруу, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин кесиптик даярдоо процессинин практикалык-ишмердүүлүк багыты.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** социопедагогикалык феноменологиянын позициясынан «башталгыч класстын болочок мугалиминин жазуу маданияты» түшүнүгүнүн маңызын тактоодо; башталгыч класстын болочок мугалиминин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоодо жана эксперименталдык негиздемеде; кесипкөйлүккө даярдоо жараянында башталгыч класстын болочок мугалиминин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн моделин иштеп чыгууда жана эксперименталдык киргизүүдө.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо:** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары боюнча эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда илимий баяндамалар жасалды. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетиндеги эл аралык илимий-практикалык конференция, республиканын бир катар жогорку окуу жайларында өтүлгөн илимий-практикалык конференцияларда иштин жыйынтыктары апробацияланды. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар республикалык басма беттеринде, КРнын ЖАК тарабынан бекитилген илимий басылмаларда педагогикалык, илимий-методикалык макала түрүндө жарыяланды. Андан сырткары Өзбекстан жана Казакстанда өткөрүлгөн эл аралык илимий-практикалык конференцияларда илимий баяндамалар окулду.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы** катары Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Э.Уметов атындагы педагогикалык факультети, Баткен мамлекеттик университетинин педагогика факультети, А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогикалык факультети алынган.

**Диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу.** 12 илимий макалада чагылдырылган анын ичинде РИНЦ системасында катталган журналдарда 7 макаланын импакт фактору 0,1ден жогору.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүмү**. Диссертация киришүүдөн, үч главадан, главалардан чыккан кыскача тыянактардан, жалпы корутунду жана практикалык сунуштардан турат. Жалпы көлөмү 195 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө изилдөө темасы, анын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери, объектиси, предмети, теориялык-методологиялык негиздери, илимий гипотезасы, изилдөөнүн этаптары жана методдору, коргоого алып чыгуучу жоболор, ошондой эле изилдөө ишинин илимий жаңылыгы, эксперимент жүргүзүү жөнүндө маалыматтар берилди.

**Биринчи бапта - «Болочок мугалимдердин жазуу маданиятын**

**өркүндөтүүнүн теориядагы жана практикадагы абалы»** аттуу биринчи бапта жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн проблемаларын, жогорку окуу жайларындагы башталгыч класстын болочок мугалимдерин адис катары калыптандыруу жараянынын окуу пландарында жана жумушчу программаларында Ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын орфографиялык, грамматикалык, стилистикалык, дидактикалык изилдөөлөрүн пайдалануунун анализин камтыйт, бапта жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери, жазуу маданиятын өркүндөтүү учурунда башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү изилденген.

Жазуу маданиятынын теориялык жана практикалык маселелерин илимий өңүттө изилдеген чет элдик изилдөөчүлөр Л.С. Выготский (1972), Н.И.Жинкин (1956), А.Н. Леонтьев (1969; 1975; 1997), А.Р. Лурия (1950), Т.А.Ладыженская (1980), М.Р.Львов (2003), Т. Г. Рамзаеванын (2000), М.А.Жураева (2020), М.М. М.М. Безруких, Т.Е.Хохлова (1993), Е.В. Гурьянов (1952), Л.Я. Желтовская (1987), Е.Н. Соколова (1964), В.А. Илюхина, Е.Н (1997). Потапова (1987), Н.А.Федосова (1988), В.А. Сухомлинский (1981; 1992), Ю.Ю. Марков (2011), А.Н. Щукин (2011), П.В. Сысоев (2016), К.А.Мерзляков (2016), Д.С. Домрачев (2010), И.Е. Гельб (2004), Ю.М. Лотман (2004), В.Э.Морозов (2007), И.В. Михайлова (2016), Е.В. Ушакова (2008), В.В.Соколова (1995), А.Д. Альферов (1911), М.Р. Львов (2003), Н.А. Замуруева (2008), Н.Н. Стаховский (1963) ж.б. Жазуу маданияты терминин илимий айлампага кийирип жүргөн Ата мекендик окумуштуулар Ж.Мукамбаев (2016), С.Давлетов (2016), Т.К.Ахматов (1986), А.Осмонкулов (1974), К.Сартбаев (1971; 2013), Ж.А.Чыманов (2009), В.И. Мусаева (2016), С.С. Сакиева (2015; 2017; 2022; 2023), Б.С. Чокошева (2017), А.Р. Акунова (2007), И. Абдувалиев (2008), Б.М. Акматов (2016), К.М.Ураимов (2013), К.А.Абдраимов (2019) жана башкалардын эмгектери изилденди жана жалпыланды.

Жалпыга белгилүү болгондой, жождордогу башталгыч класстын болочок мугалимдерин адис катары даярдоо жаатында жазуу маданиятын өркүндөтүү теориялык дагы, практикалык да мааниге ээ. Жазуу маданиятына үйрөтүүнүн шарттарын, максатын, чөйрөсүн, маданияттуу жазуунун инструментарийин өзгөчө эске алуу керек, башкача айтканда, орфография, грамматика, стилистика болочок мугалимдердин маданияттуу жазуудагы көндүмдөрүн өркүндөтүү боюнча жазуу текстерин туура сунуштоого таандык проблемаларды чечүү керек.

Жогорку окуу жайларында башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү маселеси алгылыктуу колго алынбай келгендиктен, башталгыч класстын окуучуларынын да жазуу маданияты да көйгөлүү маселелерден болуп калууда.

**Жазуу маданияты** – бул маданияттуу жазуунун ченемдерин билүү (кооз жазуу, сабаттуу жазуу, орфография, грамматика, стилистика эрежелери). Демек, жазуу маданияты – бул эрежеге шайкеш жазуунун ченемдерин өздөштүрүү гана

эмес, ошондой эле жогорку стандарттарга жооп берген жана натыйжалуу билим берүү процессине өбөлгө түзгөн маалыматтарды жаза билүүнүн комплекстүү жөндөмү. Ал окутуучунун социалдык-руханий жана кесиптик-функционалдык маданиятын калыптандыруу менен тыгыз байланышта.

Жазуу маданиятын өркүндөтүү учурунда жазуу маданиятынын маани-маңызына, коомдо аткаруучу функциясына, жазуу нормасына шайкеш эрежелерине өзгөчө көңүл буруу зарыл. Болочоктогу башталгыч класстын мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүгө көңүл бурулбаса, башталгыч класстын окуучуларынын терең билим алуусуна, таалим-тарбиясына, инсан катары калыптануусуна терс таасирин тийгизет.

Бир жагынан, КРнын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан билим берүү стандарттары мезгил мезгили менен жаңыланып, ага ылайык, башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү жаатындагы окутулуучу предметтердин сааттары кыскарып бара жатат. Экинчи жагынан, жазуу маданиятынын өркүндөтүүнүн жогорку методологиялык маанилүүлүгүнө карабай, жазуу маданиятынын илимий теоретикалык проблемалары али терең изилденип чыга элек. Жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн обьектиси болуп, орфография, грамматика ж.б. негизинде пайда болгон жазуу саналат.

Анын айырмасы, орфография белгилүү бир тилдеги сөздөрдү жана алардын маани берүүчү бөлүктөрүн бир түрдүү жазуу үчүн белгиленген эрежелердин системасын үйрөтө турган тил илиминин бир бөлүгү болсо, грамматика сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн түзүлүш жана өзгөрүш эрежелерин изилдөөчү тил илиминин бир бөлүгү болот. Демек, башталгыч класстын болочоктогу мугалимдерин даярдай турган окутуучу жазуу маданиятынын нормага шайкеш эрежелерин колдонуунун практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу менен, так жана туура жазуунун өнүгүүсүнө ыкмаларды интеграциялашы керек, анткени кооз, сулуу, сабаттуу жазуу, жазуу нормаларын кынтыксыз сактоого болгон талаптар жазуу маданиятынын негизги мүнөздөмөсү болуп саналат. Жазуу маданияты жазуу ишин аткарууда жазуу стилдерин колдонуунун ыкмасын, жазуу тапшырмасын аткарып жаткан мезгилде жазуу ыкмаларынын туура пайдаланылышын жана жазуу текстине өз ойлорунун так жана туура билдиришин карайт.

Жогорку окуу жайларындагы окутуу программаларында жазуу маданиятынын маселелерин өркүндөтүү багытында атайын курстар же предметтер каралбаган, бирок, «Тил илимине киришүү жана каллиграфиянын практикуму», «Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасы», «Окуу жана жазууну дифференциялап, интеграциялап окутуу», «Окуу көндүмдөрүн калыптандырууну өркүндөтүү», «Адабий окууга үйрөтүүнүн теориясы жана методикасы» сыяктуу көмөкчү предметтер бар.

Изилдөө иши, жазуу маданиятын өркүндөтүү маселесине арналгандыктан, бул багыттагы атайын курстарга, окутулуучу предметтерге илимий

изилдөөлөргө таянбай туруп, каалаган жыйынтыкка жетүүгө мүмкүн эмес.

Жогоруда жазуу маданиятын өркүндөтүү маселесин илимий талдоодон өткөргөн чет элдик жана ата мекедик окумуштуулардын бир тобун белгиледик. Алардын арасынан «жазуу маданияты» терминин илимий айлампада көп колдонгон ата мекендик окумуштуу С.К.Рысбаевди баса белгилей кетүүгө болот. Ал жазуу маданиятын өркүндөтүү зарылдыктарын баса көргөзүп, жат жазуу формасында жазуу иши сунушталса, мамлекеттик тилдин эрежелерине ылайык, орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык жактан бирдиктүү эреже-нормаларын сактап жазуусу, студенттердин кол жазмасы, каллиграфиясы, тамгалардын графикалык эрежелерине туура келүүсү, чыгармачылык аракет менен жазылуучу иштерде кеп маданиятынын талаптарынын эрежелеринин, нормаларынын сакталышы, кептин функционалдык түрлөрүнө жараша студенттердин жазуу ишин жүргүзө алуусу, болочок адистер адистер грамматикалык, фонетикалык жана лексикалык жазуу иштери бар тапшырмалары бар жазуу иштерин жүргүзүүдө талдоолорду туура жүргүзүүгө машыгуулары, текстерди мазмунуна карап талдап жазуу, иш кагаздарын практиканын талаптарына ылайык жаза билүү, андан сырткары жат жазуу, дилбаян жазуу, баяндама жазуу, илимий макала жазуу ж.б. жазуу жумуштарын аткарууларын айтат.

Башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүгө болгон педагогикалык мамиле бул кубулушту үч аспектиде кароого мүмкүндүк берет.

Биринчиден, жазуу маданияты башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин жеке маданиятынын көрсөткүчү болуп саналат.

Экинчиден, башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданияты педагогикалык мыктылыктын көрсөткүчү. башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин кесипкөйлүк чеберчилигинин маселелерин эске алуу менен, изилдөөчүлөр жазуу жана коммуникация жөндөмдөрүн алдыңкы компоненттер катары аташат.

Үчүнчүдөн, башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданияты болочоктогу окуучуларынын (атап айтканда, башталгыч класстын окуучусунун) жазуу маданиятын калыптандыруунун каражаты болуп саналат.

Андан сырткары башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн моделдери, тактап айтканда, беш же бир нече чегинүүдөн (абзацтан) турган эссе, жат жазуу, бүтүндүк, ачыктык, деңгээлдүүлүк, динамикалуу ж.б. моделдер сунушталды.

Диссертациялык иште жазуу маданиятынын алкагындагы көйгөйлөр, жазуу маданиятынын коомдогу ролу, функциясы жана жазуу маданиятынын өз учурунда калыптандыруу андан соң өркүндөтүү маселелери каралаган. Жазуу маданиятын өркүндөтүүнү каалаган ар бир болочок адис, анын маани-маңызын терең аңдоосу жана нормага шайкеш жазуу көндүмдөрүн өздөштүрүшү жана өнүктүрүшү шарт. Жалпы маданият теориясында руханий маданияттын

элементи болуп жазуу маданияты турат. Жазуу маданияты сабаттуу болуунун сап башында туруу менен коомдогу жалпы маалыматтарды түбөлүк сактап калуу функциясын аткарат.

**Экинчи бап - «Болочок мугалимдердин жазуу маданиятын өркүндөтүү боюнча жүргүзүлгөн педагогикалык эксперимент, анын натыйжалары»** деп аталып, жазуу маданиятынын табияты, маани-маңызы жана мүнөздөмөсү сүрөттөлөт, жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн илимий методикалык жана педагогикалык шарттары ачылат, ошондой эле жазуу маданиятын ар түрдүү стилдеги жазуу тексттерди жаздыруу аркылуу жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн ыкмалары иштелип чыккан, жазуу ишин жөнөкөй текст жазуудан татаал текст жаздыруу аркылуу өнүктүрүү каралган, башталгыч класстын болочоктогу мугалимдерине ар түрдүү стилдеги жазуу текстерин жаздырууга көнүктүрүүнүн өбөлгөлөрү ачылып берилген.

**Изилдөөнүн объектиси** – жогорку окуу жайларындагы болочоктогу башталгыч класстын мугалимдерин кесипке даярдоо жараяны.

**Изилдөөнүн предмети** – кесиптик даярдоодо башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү.

Изилдөө ишинин максатына жана милдеттерине ылайык эффективдүү деп эсептелген ыкмалар кеңири колдонулду:

**Теоретикалык анализ ыкмасы**: жазуу маданиятын өркүндөтүү ыкмасынын генезисин, тарыхын изилдөө, жазуу маданиятынын алкагындагы илимий эмгектерди өздөштүрүү, анализ жана салыштыруу ыкмасы аркылуу жазуу ыкмасы, жазуу стили, жазуу кеби, сабаттуу жазуу жана жазуу маданияты терминдеринин маңызы ачылды.

**Анализ жана синтез**: Жождордун педагогикалык факультетинин башталгыч класстарынын болочок мугалимдерин кесипке даярдап жаткан кафедралардагы журналдары, жумушчу программалары, силлабустары, окуу-методикалык колдонмолору, лекциялык жана практикалык (семинардык) сабакта пайдаланылуучу материалдары талдоого алынып, студенттердин өзүн-өзү өркүндөтүүсүнө туура келери, алар сулуу жазуу эрежелерин канчалык деңгээлде өздөштүрө алуусуна көңүл бурулду.

Диссертациялык изилдөө алгач, Жалал-Абад шаарындагы жогорку окуу жайлардын окутуучуларынын (катышуучулардын макулдугу менен) кесиптик ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн байкоолор, эффективдүү ишмердүүлүк үчүн кесиптик жактан маанилүү болгон жазуу маданиятынын төмөнкү түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берди: жазуу маданиятынын чеберчилигин камтыган жазуу-коммуникация кырдаалы; көпчүлүк элдин алдында жазуу эрежелерин, нормалары сакталган жазуу ишин аткара алуу кырдаалы (жазуу искусствосунун амбиваленттүүлүгү); жазуу ишине мүнөздүү ар кандай стилдеги тексттерди жаза билүү кырдаалы.

Эксперимент жүргүзүүдө колдонулуучу жазуу стилдеринин бир катар варианттары (расмий-иш стилинде жазуу, сүйлөшүү стилинде жазуу, адабий-

көркөм стилде жазуу) илимий талдоодон өткөрүлүп, алардын ичинен жалпыга бирдей түшүнүктүү жазуунун түрү жат жазуу тандалып алынды.

Кыргызстандын түштүгүндөгү жогорку окуу жайларында билим алышкан башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданиятына эксперименттик иш-аракеттер төмөндөгүдөй этаптарда жүргүзүлдү. Жогоруда белгилеп өткөндөй эң биринчиси, эксперимент жүргүзүүнүн максаты жана милдеттери аныкталды. Эксперименттин максатына ылайык, илимий-методикалык эмгектер, жазуу маданиятынын алкагындагы илимий китептер анализденди, жалпылаштырылды, талданды, ошондой эле билим берүүнүн норматиптүү документтери менен тааныштырылды. Андан сырткары, жазуу маданиятын текшерүүнүн тапшырмалары иштелип чыгып, көркөм, адабий, расмий, илимий стилдеги тексттерди жазуу, сабактарга катышуу, жазуу маданиятын өркүндөтүүгө негизделген предметтердин моделдерин иштеп чыгуу, болочок адистердин угуп түшүнүүсүн жана жазуусун талдоо ыкмалары тиешелүүлүгүнө жана зарылдыгына жараша колдонулду.

Тажрыйбалык-эксперименталдык изилдөөнү даярдоо учурунда төмөндөгү милдеттер чечилген: 1) жазуу тексттерин тандоо принциптерин аныктоо; 2) жазуу маданиятынын алкагындагы жазуу текстерин тандоонун жана пайдалануунун ыкмаларынын алкагын белгилөө; 3) аларды жазуу маданиятын өркүндөтүү учурунда колдоно турган ар түрдүү стилдеги жазуу тексттеринин типологиясын аныктоо.

Болочок адистердин жазуу көндүмдөрүн өркүндөтүү максатында, кыргыз тесттин ыкмаларын эске алып, аудио үндү угуп жазуу, өз алдынча окуп жазуу, даяр текстерди көчүрүп жазуу, акырын шашпай жазуу, бат жазуу, белгиленген убакыт аралыгында жазууга басым жасалды.

**2.1-таблица - Эксперимент ишин жүргүзүүнүн этаптары.**

| | |
|---|---|
| Максаты | ЖОЖдордо билим алышкан болочоктогу башталгыч класстын мугалимдеринин жазуу маданиятынын теориялык жана практикалык абалын иликтөө, талдоо, жалпылаштыруу жана илимий жыйынтыктарды чыгаруу |
| Милдети | ЖОЖдордо билим алышкан болочоктогу башталгыч класстын мугалимдеринин жазуу маданиятын текшерүүдө педагогикалык эксперименттик иштерди жүргүзүүнүн усулдарын, ыкмаларын, жолдорун аныктоо жана өркүндөтүү |
| Изилдөөнүн методдору | SWOT-анализ, талдоо, жалпылаштыруу, жазуу маданиятын текшерүүнүн тапшырмаларын иштелип чыгуу, көркөм, адабий, расмий, илимий стилдеги тексттерди жаздыруу, сабактарга |

| | |
|---|---|
| | катышуу, жазуу маданиятын өркүндөтүүгө негизделген предметтердин моделдерин иштеп чыгуу, болочок адистердин угуп түшүнүүсүн жана жазуусун талдоо ыкмалары тиешелүүлүгүнө жана зарылдыгына жараша колдонуу. |
| Натыйжалары | ЖОЖдордо билим алышкан болочоктогу башталгыч класстын мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүдө, адис катары калыптандыруунун максатына ылайык, окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолор, силлабустар колдонулары аныкталды.<br>Башталгыч класстын болочоктогу мугалимдерин адис катары даярдоочу кафедралардын професстордук-окутуучулук курамынын жазуу маданиятына негиздеп окутуудагы компетенттүүлүктөрү аныкталды.<br>Жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн эффективдүү ыкмаларын колдонуп окутуунун болочок адистерге тийгизген таасирлери белгиленди. |

Эксперименттик иштерге Кыргызстандын түштүгүндөгү Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, А.Мырсабеков атындагы ОшМПУ, БатМУнун педагогикалык факультетинин башталгыч класстын болочок мугалимдери катары билим алып жатышкан студенттери катышып, эксперимент иши 2021-2022-окуу жылынан баштап, 2023-2024 окуу жылына чейин 3 жылга созулду. Тактап айтканда 2021-2022-окуу жылында 2-курста окуп жаткан студенттер 4-курсту аяктоо мезгилине чейинки убакыт аралыгында жүргүзүлүп, жазуу маданиятын өркүндөтүүгө түздөн-түз киришкен тайпаларда эксперимент иши натыйжалуу жыйынтыкталды. Эксперимент ишин жүргүзүүдө, жазуу маданиятын өркүндөтүүгө эки тараптуу (окутуучу-студент) субъектилердин аракеттери, айрыкча болочоктогу башталгыч класстын мугалимдеринин жеке каалоолору жана аракеттери жемиштүү болоору байкалды.

**Таблица 2.2. Жат жазуу жаздыруу боюнча экспериментке катышканжогорку окуу жайлардагы студенттердин саны (тажрыйбага чейин)**

| № | Жогорку окуу жайлардын аталышы | Тайпалардын аталышы | 2021-2022-жж | 2022-2023-жж | 2023-2024-жж |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Б.Осмонов атындагы ЖАМУ | П-1-20 | 25 | 24 | 22 |
| 2 | А.Мырсабеков атындагы ОшМПУ | П(б)-1-20 | 25 | 23 | 23 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | БатМУ | ПББ-1-20 | 21 | 25 | 24 |
| | Жалпы | | 71 | 72 | 69 |

**Таблица 2.3. - Башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин жат жазууларынын көрсөткүчтөрү**

| № | **ЖОЖ** Жат жазуунун темасы | Студенттердин саны | Баалары (2021-2022-жж) | | | | Билим сапаты | Пайыздык көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | «5» | «4» | «3» | «2» | | |
| 1 | Б.Осмонов атындагы ЖАМУ «Касым Тыныстанов-алгачкы агартуучу» | 25 | 5 | 9 | 10 | 1 | 56% | |
| 2 | А.Мырсабеков атындагы ОшМПУ | 25 | 4 | 10 | 10 | 1 | 56% | |
| 3 | БатМУ | 21 | 5 | 7 | 7 | 2 | 57% | |
| | Жалпы | 71 | 14 | 26 | 27 | 4 | | - |

Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультетинин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү боюнча теориялык-методологиялык эмгектерге, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларга, андан сырткары Б.Осмонов атындагы ЖАМУда иштеген көп жылдык педагогикалык тажрыйбабызга таянып, Кыргызстандын түштүгүндөгү үч жогорку окуу жайынын педагогикалык факультеттеринин башталгыч класстын болочоктогу мугалимдерин эксперимент ишибизге катыштырып, анын жыйынтыгын чыгаруу аракетин жасадык.

Жогоруда белгилеп өткөндөй, Кыргызстандын түштүгүндөгү үч жогорку окуу жайынын педагогикалык факультеттеринин башталгыч класстын болочоктогу мугалимдерин адис катары даярдоочу профессордук-окутуучулук курамдын катышуусу менен илимий жыйын өткөрүлүп, бул жыйында изденүүчү С.Ч. Осмоналиева тарабынан башталгыч класстын болочок мугалимдерин эксперимент иштерине тартуунун максаты, милдеттери, жыйынтыктары түшүндүрүлүп, үч жылга созула тураган бул экспериментти жүргүзүүнүн илимий усулдары илимий чөйрөгө сунушталды. Ошондой эле экспериментке

катышкан тайпалар үчүн колдонулуучу методдор да ортого салынып, ачык талкуунун жүрүшүндө илимий жыйындын катышуучулары ар кандай жазуу стилдеринде эксперимент жүргүзүүгө болот деген сунушту беришип, акыр аягында жат жазуу формасы тандалып алынды.

Профессор С.С.Сакиева адабий окуу сабагы жазуу текстерин тандоого өтө жакшы мүмкүнчүлүк болооруна токтолсо, башка теориялык эмгектерде жазуу маданиятын өркүндөтүү текст окуу менен да биргеликте ишке ашаары окумуштуу К.Ураимов тарабынан белгиленип, ал үчүн жазуу иши катары аткарылуучу текстердин мазмундук өзгөчөлүгүнө да маани берүү да найжалуу болоору жыйынга катышкан илимпоздор тарабынан байма-бай айтылгандыгын белгилей кетүүгө болот. Башка окуу жайлардан келген илимпоздордон (А.Мырсабеков атындагы ОшМПУ) Ч.А. Акматова башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн зарылдыгын белгилеп, өзүнүн тажрыйбасы менен бөлүштү. Факультеттер аралык сабак болуп саналган «Философия» предметин окуткан доцент Г.Т.Токтогулова биз тарабынан сунушталган эксперимент жүргүзүү иштерине макулдугун билдирип, 2022-2023-окуу жылынын 3-семестринде (лекция 30 саат/ семинардык саат 30 саат) П-1-20 тайпасында сабак өтүп, студенттерди лекция жана семинардык сабактардын конспектилерин жазуу нормасына шайкеш жасууга үндөгөндүгү, андан сырткары ушул эле предметтин өз алдынча даярдануучу темалары боюнча реферат жазуу тапшырмаларын ар бир студентке жазуу эрежелерин сактоо менен кол жазма менен жаздыргандыгы доцент Г.Т.Токтогулованын башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданиятын өркундөтүүгө кайдыгер эместигинен кабар берет. Окумуштуу. К.М.Ураимов өзү сабак берген «Сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы көркөм окуунун практикуму менен», «Башталгыч класстын окуучуларынын жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү жана баалоо» предметтеринин алкагында сабаттуу жазуу, кооз жазуу тапшырмаларын берип, кайра аны көзөмөлдөө менен биз жүргүзгөн эксперимент ишин жеңилдетти. Мындан сырткары башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү боюнча атайын ачык сабактар уюштурулуп, окутуучу С.Ч.Осмоналиева «Окуу жана жазууну дифференциялап, интеграциялап окутуу» предметинен 2023-жылдын ноябрында ачык сабак (БатМУдан Г.Усенова, ОшМПУдан Ч.А.Акматова катышкан) өтүп, анын алкагында жазуу маданиятын өркүндөтүү маселеси каралып, бир катар илимий методдор сунушталган.

**Таблица 2.4 Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жат жазууларынын көрсөткүчтөрү эки жылдык (2023-2024-жж) тажрыйбадан кийин**

| № | Жогорку окуу жайлардын аталышы | Тайпалардын аталышы | 2023-2024-жж |
|---|---|---|---|
| 1 | Б.Осмонов атындагы ЖАМУ | П-1-20 | 22 |
| 2 | А.Мырсабеков атындагы ОшМПУ | П(б)-1-20 | 23 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | БатМУ | ПББ-1-20 | 24 |
| | Жалпы | | 69 |

**Таблица 2.5. - Башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин жат жазууларынын 2022-2023-жж көрсөткүчтөрү**

| № | ЖОЖ<br>Жат жазуунун темасы | Студенттердин саны | Баалары (2023-2024-жж) | | | | Билим сапаты | Пайыздык көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | «5» | «4» | «3» | «2» | | |
| 1 | Б.Осмонов атындагы ЖАМУ «Ч.Айтматовдун студенттик кездери» | 25 | 9 | 11 | 5 | | 80% | 17,5% |
| 2 | А.Мырсабеков атындагы ОшМПУ | 25 | 8 | 10 | 5 | 1 | 72% | 12% |
| 3 | БатМУ | 21 | 7 | 8 | 5 | 1 | 71% | 11% |
| | Жалпы | 71 | 24 | 29 | 15 | 2 | | 40,5% |
| Эки жыл ичиндеги жалпы пайыздык көрсөткүч | | | | | | | | 27% |

2021-жылдан 2024-жылдын декабрь айына чейин Кыргызстандын түштүгүндөгү үч жогорку жайынын (Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, А.Мырсабеков атындагы ОшМПУ, БатМУ) педагогикалык факультеттеринин башталгыч класстардын болочок мугалимдерине жүгүзүлгөн эсперимент аракеттеринин натыйжасынан белгилүү болгондой, бир жыл ичиндеги пайыздык жогорулоо 13,5% түзсө, эки жыл ичиндеги жогорулоо 27% түзгөн. Эске сала кетсек, экспериментке тартылган башталгыч класстын болочок мугалимдери 2021-2022-окуу жылында 2-курс, 2022-2023-окуу жылында 3-курс, 2023-2024-окуу жылында 4-курс болуп, 3 жылдык мөөнөт ичинде байкоо иштери жүргүзүлгөн.

Эксперимент иштеринин акыркы этабы (2023-2024-окуу жылдары) жогорку окуу жайларында биз тарабынан сунушталган жазуу маданиятынын моделдери, ыкмалары алгач ирет колдонууга сунушталып жана апробацияланып, кетирилген айрым катачылыктар такталып, оңдоп түзөөлөр киргизилди.

Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү боюнча, жогорку окуу жайлар аралык тажрыйба алмашуу аракеттери тынымсыз жүргүзүлүп, илимий эксперименттин натыйжалуу ишке ашуусунун алкагындагы сунуштар, пикирлер колдоого алынып, системалуу иш алып баруулар колго алынды. Экспериментке катышкан тайпаларда байма-бай жолугушуулар уюштурулуп, жазуу маданиятынын динамикасына көңүл бурулду. Башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү максатында максат-милдеттер коюлду.

**Үчүнчү бап - «Болочок мугалимдердин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн технологиялары»** деп аталып, башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданияты кесиптик - педагогикалык маданият менен диалектикалык биримдикте каралды. Болочоктогу башталгыч класстын мугалимдеринин жазуу маданияты функционалдык жана структуралык компоненттерди камтый тургандыгы илимий өңүттө талданды. Андан сырткары, жазуу маданиятын өркүндөтүүгө өбөлгө болуучу принциптер катары бүтүндүк, үзгүлтүксүздүк, ырааттуулук, интегративдүүлүк принциптери иликтенип, баалоо критерийлери сунушталды.

Башталгыч класстын болочоктогу мугалимдерин кесиптик даярдоо жараянында болочок адистердин жазуу маданиятын өнүктүрүүнүн негизги жолдору катары үзгүлтүксүз, этаптуу жана бүтүндүгүн камсыз кылуучу максатка багытталган ишти уюштуруу жолдору, жазуу темаларынын стилдеринин формасын аныктоо жолдору, маданияттуу жазуу, жалпы педагогикалык дисциплиналар боюнча сабактарда теориялык жана практикалык тапшырмаларды максаттуу пайдалануу жолдору, жазуу жүзүндөгү илимий текстерди жана ар кандай стилдеги текстерди жазуу маданиятын өркүндөтүүдө активдүү пайдалануу жолдору, өздөрүнүн жазуу маданиятын өздөрү өркүндөтүүнү үйрөнүү, кесиптик-нормага шайкеш жазуу боюнча өзүн-өзү тарбиялоо мамилесин калыптандыруу жолдору талданды.

Башталгыч класстын болочоктогу мугалимдерин кесиптик даярдоо жараянында болочок мугалимдин жазуу маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары жана ыкмалары катары жалпы маданий, орфографиялык, стилистикалык жана грамматикалык билимдерди интеграциялоо, билим берүү жараянын катышуучуларынын жазуу маданиятынын нормага шайкеш келүүсүнө, жогорку окуу жайларындагы башталгыч класстын мугалимдерин даярдоочу окутуучулардын фасилитативдик позициясына багытталган субъект-субъекттик мамилелерин ишке ашыруу, билим берүү жараянын катышуучуларынын маданияттуу жазуусун камсыз кылуучу ылайыктуу маданий багыттагы жазуу иштеринин интерактивдүү усулдарын пайдалануу, студенттердин илимий-изилдөө иштеринин тажрыйбасын жазуу маданиятынын алкагында калыптандыруу, маданияттуу жазууда студенттердин предметтик тажрыйбасын максаттуу актуалдаштыруу, болочок мугалимдин кесиптик даярдоо жараянынын практикалык-ишмердик

багыттары иликтенди.

Башталгыч класстын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү багытында бир катар жазуу технологиялары ( оюн, кейс, чеберчилик, жигердүүлүк, модуль технологиясы) сунушталды.

## КОРУТУНДУ

Корутундуда, жазуу маданиятын изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары чыгарылып, негизги корутундулар калыпка салынды жана практикалык сунуштар берилди. Теориялык анализдин жана тажрыйбалык-эксперименталдык иштин жыйынтыктары кийинки корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. Жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүдө жазуу маданиятынын алкагында анын учурдагы абалы изилденди. Жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү жараянында жогоруда аты аталган чет элдик жана ата мекендик илимпоздор студенттердин маданияттуу жазууга кызыктыруу, нормага шайкеш жазууга көңүл буруусун активдештирүү абдан маанилүү экенин, деги эле жазуу маданияты адамзаттык жашоонун маани берүүчү көрүнүштөрүнөн экендигин белгилешкен.

Диссертациялык иштин методологиялык негизи болуп илимпоздордун эмгектери саналгандыктан, жазуу маданиятынын илимий ыкмалары, ар түрдүү стилдеги текстерди жазуу (адабий, илимий, көркөм, расмий), шилтемелерди, татаал текстерди, маалыматтарды жазуу ыкмалары болочок адистердин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн орфографиялык, грамматикалык, пунктуациялык, стилистикалык негиздерин изилдөөдө алардын илимий сунуштары практикалык ыкма катары колдонулду.

2. Аталган теманы теориялык-методологиялык талдоодон өткөрүүдө жазуу маданиятын иликтеген илимий эмгектер тыкыр анализденип, андан сырткары, окуу-ченемдик документациялар талданып, маданиятуу жазуунун талаптары аныкталган. Жогорку окуу жайындагы башталгыч класстын болочок мугалимдерин адис катары даярдоочу профессордук-окутуучулук курам биринчи кезекте жазуу маданиятын өркундөтүү ишин колго алуулары, жазуу маданиятынын маани-маңызы, коомдогу ролу тууралуу студенттерди тааныштыруулары, аларга толук маалыматты жеткирүүлөрү, алардын жазуу маданиятын өркүндөтүү иштерин толук колго алуулары зарыл. Тилекке каршы, жазуу маданиятын өркундөтүүгө болгон коомдогу, билим берүү системасындагы кош көңүл мамиле азыркы учурда да көйгөйлүү маселе бойдон калуусуна өбөлгө болууда. Болочоктогу башталгыч класстын мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү үчүн адис чыгаруучу профессордук-окутуучулук курам түздөн-түз катышуусу керек, анткени алардын практикасы, сунуштаган демилгеси жана талбаган эмгеги гана ийгиликке алып келет.

3. Диссертациялык иште жазуу маданиятын өркүндөтүү педагогикалык шарттары, илимий ыкмалары каралды, ар түрдүү стилдеги жазуу иштерин аткаруу үчүн жазуу текстеринин комплекси даярдалды, анын алкагында жөнөкөйдөн татаалга карай жазуу көндүмдөрү каралып, негизги көңүл жазуу маданиятынын маселелерине бурулду. Жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүдөгү максат сабаттуу, сапаттуу, жазуу нормаларына шайкеш маданияттуу жазууну калыптандыруу саналат. Изилдөөнүн жүрүшүндө жазуу тексттери менен иштөөнүн ар кандай ыкмалары аныкталган жана аларды колдонуу жолдору сунушталган.

4. Жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын ар түрдүү стилдеги жазуу текстеринин жардамы менен өркүндөтүү боюнча баарлашуулар, тажрыйба алмашуулар, семинар-тренингдер, долбоорлор жүргүзүлдү, стратегиялар аныкталды, методикалык процедуралар иштелип чыкты, тажрыйбалык эксперименталдык изилдөө жүргүзүлдү. Жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү боюнча иштин илимий ыкмалары аныкталды.

Экспериментте жазуу тексттери жат жазууга ылайыкташкан формадагы «Касым Тыныстанов-алгачкы агартуучу», «Мугалим - билим күзгүсү», «Ч.Айтматовдун студенттик кездери» аттуу темалар тандалып алынган.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

- жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультетинин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүгө олуттуу көңүл буруу керек;
- жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультетинин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүдө орфографиялык, грамматикалык, стилистикалык, пунктуациялык жана коммуникативдүү компетенцияларга басым жасалганда гана эффективдүү натыйжалар жаралат;
- биз жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн мүмкүн болгон жолу деп субъект-субъекттилердин (окутуучу-студент) жигердүү аракеттерин эсептейбиз.
- жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультетинин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүдө, ар бир предметтин негизги компоненти болуп төмөнкүлөр турушу абзел: ар түрдүү стилдеги жазуу тексттери; илимий баяндама түрүндө жазуу , көркөм текстерди жазуу, расмий текстерди жазуу, макалалар, рефераттарды жазуу, практикалык

иштердин иш кагаздарын нормага шайкеш жазуу жана жазуу формасында талап кылынган тапшырмаларды аткаруу.

- жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультетинин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү учурунда, аларды жазуу маданиятынын ченемдерине жана алардын ыкмаларын туура пайдаланууга үйрөтүү.

- жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультетинин башталгыч класстын болочок мугалимдерин адис катары калыптандыруу багытында түзүлгөн окуу пландарындагы предметтердин алкагында жазуу маданиятын өркүндөтүү маселесин профессордук-окутуучулук курамдын биргеликте, системалуу иш алып баруусу.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН МАЗМУНУ ТӨМӨНКҮ ЭМГЕКТЕРДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛГАН:


1. **Осмоналиева, С.Ч.** Кыргыз тилин окуутудагы традиция жана инновация (2-макала) [Текст] / С.С. Сакиева, С.Ч. Осмоналиева, С.А. Тобокелова // Известия ВУЗов. - 2005. - № 4. - 180-181-бб.. https://elibrary.ru/item.asp?id=26453351
2. **Осмоналиева, С.Ч.** Күнүмдүк сабак – бир чыгармага тете же бир күндүк сабактын иштелмеси жөнүндө [Текст] / Ф.Р. Ташкенбаева, К.М. Ураимов, Н. Ш. Мокуева, С.Ч. Осмоналиева // Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жарчысы. - 2013. № 1 (27). – 74-78-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42503371
3. **Осмоналиева, С.Ч.** Башталгыч класста сөз өстүрүүнүн изилдениши, тажрыйбалары [Текст] / С.С. Сакиева, С.Ч. Осмоналиева // ALATOO ACADEMIC STUDIES. - 2020. - № 2. - 28-35-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44236686
4. **Осмоналиева, С.Ч.** Инсанды калыптандыруудагы психологиялык, педагогикалык аспектилер [Текст] / Ж.К. Тажибаева, С.Ч. Осмоналиева // Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жарчысы. - 2021. - № 2 (47). - 98-103-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=47850003
5. **Осмоналиева, С.Ч.** Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун үйрөтүүнүн актуалдуулугугу [Текст] / С.Ч. Осмоналиева // Эл агартуу. - 2022. - № 7-8. - 36-42-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=49564593
6. **Осмоналиева, С.Ч**. Профессор Каратай Сартбаевдин эмгектеринде орфографиялык сабаттуулукка үйрөтүү маселелеринин изилдениши [Текст] / С.С. Сакиева, С.Ч. Осмоналиева // Илим. Билим. Техника. - 2023. - № 1 (76). - 152-156-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50354282

7. **Осмоналиева, С.Ч.** Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары [Текст] / С.С. Сакиева, С.Ч. Осмоналиева // Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим беруу мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. - 2023. - № 1 (27). - 204-210-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54597516
8. **Осмоналиева, С.Ч.** Башталгыч класстын окуучуларына жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн актуалдуулугу [Текст] / С.С. Сакиева, С.Ч. Осмоналиева // Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим берүү мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. - 2023. №1(27). - 211-217-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54597517
9. **Осмоналиева, С.Ч.** Окуучулардын жазуу маданияты: эксперименталдык тажрыйба [Текст] / С.С. Сакиева, С.Ч. Осмоналиева, Г.Т. Токтогулова, М.С. Асаналиева // Endless light in science. – 2024. - Т. 30. - № 1/2. – 72-76-бб. https://scholar.google.ru/citations?view_op=view_citation&hl=ru&user=VSfPYEEAAAAJ&citation_for_view=VSfPYEEAAAAJ:j3f4tGmQtD8C
10. **Осмоналиева, С.Ч.** Жазуу маданиятынын калыптанышы педагогикалык изилдөонүн объектиси катары [Текст] / С.Ч. Осмоналиева // Наука и новые технологии инновации Кыргызстана. - №4. - 2024. - 167-170-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=73952356
11. **Осмоналиева, С.Ч.** Жазуу маданиятына арналган эмгектердин табияты [Текст] / С.Ч. Осмоналиева // Наука и новые технологии инновации Кыргызстана. - №8. - 2024. –264-267-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=75205667
12. **Осмоналиева, С.Ч.** Гендерные особенности письменной культуры учашихся [Текст] / Г.Т. Токтогулова, С.Ч. Осмоналиева // Принцип гендерного равенства в развитии исследовательских компетенций женшин Центральной Азии: международная научно-практическая конференция. – Ташкент, 2024. – С. 275-279.

**Осмоналиева Сабира Чоёновнанын «ЖОЖдордун педагогикалык факультетинде болочоктогу мугалимдин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн илимий негиздери» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр**: маданият, жазуу маданияты, каллиграфия, инновациялык технологиялар, компетенттүүлүк, орфография, мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгү, грамматика, стилистика, кесиптик маданият, жазуу этикасы. коммуникативдик сапаттар, кооз жазуу, сабаттуу жазуу, туура жазуу, жазуу көнүгүүлөр топтому.

**Изилдөөнүн объектиси**. Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультетинде башталгыч класстын болочоктогу мугалимдерин даярдоо жараяны.

**Изилдөөнүн предмети** – кесиптик даярдоодо башталгыч класстардын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү.

**Изилдөөнүн максаты** – кесиптик даярдоо учурунда башталгыч класстардын болочоктогу мугалимдеринин жазуу маданиятынын теориялык жана эксперименталдык жактан негизделген педагогикалык шарттарын жана моделин түзүү.

**Изилдөөнүн методдору**: илимий-теориялык адабияттарды талдоо; байкоо, аңгемелешүү, тажрыйбаларды үйрөнүү, анализ жана синтез, педагогикалык эксперимент, кейс усулу, индукция жана дедукция, герменевтика, илимий-методикалык жактан жалпылоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**.

Диссертацияда жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн ата мекендик жана чет өлкөлүк ыкмаларында болгон айырмачылыктар, жазуу коммуникациясынын көндүмдөрүн жана аны өркүндөтүүнүн натыйжалуулугуна олуттуу таасир тийгизген айырмачылыктар ачылган;

- башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн моделдери системалуу, ишмердик, аксиологиялык, рационалдык, маданий мамилелердин негизинде иштелип чыгып, татаал түзүмдүк компоненттерди (баалуулук-мотивациялык, когнитивдик, рационалдык-ишмердик, жана натыйжалуулук) камтыган татаал система катары конструкцияланган;
- башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн моделдерин маданияттуу жазуу-ишмердик компоненттин негизин түзгөн жазуу көндүмдөрүнүн үлгүлөрүнүн комплекси аныкталды: жазуу маданиятынын эволюциясын эске ала билүү (кенже мектеп окуучулары); рационалдык ишмердүүлүк аркылуу ар кандай деңгээлдеги жазуу системасында колдонулуучу тажрыйбаны жекелештире билүү (кенже мектеп жашындагы балдардын жазуу маданиятынын өзгөчөлүгүн аныктай билүү);

-жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультетиндеги кесиптик-педагогикалык маданияттын курамдык бөлүгү катары башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өнүктүрүүнү камсыз кыла турган педагогикалык шарттар аныкталды жана негизделди: жалпы жазуу, маданий, каллиграфиялык жана психологиялык-педагогикалык билимдерди интеграциялоо; билим берүү жараянына катышуучу болочок мугалимдердин жазуу маданиятынын гуманисттик багытына, окутуучунун фасилитативдик позициясына багыт алуу менен субъекттик мамилелерин ишке ашыруу; билим берүү жараянынын катышуучуларынын маданияттуу жазууну өздөштүрүүчүлүк өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуучу билим берүү-издөө рационалдык-жүрүм-турумдук, маданий багыт; студенттердин талапка ылайык жазуу иш-аракеттерин

калыптандыруу; маданияттуу жазууда студенттердин субъективдүү тажрыйбасын максаттуу актуалдаштыруу, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин кесиптик даярдоо жараянынын практикалык-ишмердик багыты сунушталды;

**Колдонуу аймагы**: Жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультетинин башталгыч класстын болочок мугалимдеринин жазуу маданиятын өркүндөтүү маселесинин алкагында иштелип чыккан ыкмаларды, педагогикалык шарттарды, технологияларды, моделдерди жалпы билим берүү системасында колдонсо болот.


## РЕЗЮМЕ

**диссертации Осмоналиевой Сабиры Чоёновны на тему «Научные основы совершенствования письменной культуры будущего учителя на педагогическом факультете вузов» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02-теория и методика обучения и воспитания (кыргызский язык)**

**Ключевые слова:** культура, культура письма, каллиграфия, инновационные технологии, компетентность, методы обучения, профессиональная деятельность учителя, педагогическая техника учителя, профессиональная культура, этика письма.

**Объект исследования:** изучение процесса формирования письменной культуры учеников начальных классов на ранних этапах обучения.

**Предмет исследования:** пути, методы изучения процесса обучения студентов педагогических факультетов высших и средних учебных заведений формированию письменной культуры учащегося.

**Цель исследования**: Разработка основ обучения студентов педагогического факультета высших учебных заведений Кыргызской Республики формированию письменной культуры учащегося.

**Методы исследования:** анализ научной литературы; наблюдение, анкетирование, интервьюирование, экспериментальное обучение, анализ и синтез, педагогический эксперимент, тематическое исследование, индукция и дедукция, герменевтика.

**Научная новизна исследования:** определен уровень профессиональной педагогической подготовки студентов, обучающихся на педагогических факультетах высших учебных заведений республики, будущих учителей начальных классов в работе по формированию культуры письма, уточнены ее сущность и структурная структура.

Выявлены высокий уровень формирования письменной культуры ученика начальных классов и пути совершенствования подготовки будущих педагогов, реализована роль педагогического творчества, индивидуализация учебного процесса, его интеграция с языковыми, литературными чтениями, алфавитными

и другими видами профессиональной педагогической деятельности.

**Область применения:** методы и принципы, разработанные в результате научного анализа проблемы формирования письменной культуры учащегося младшего школьного возраста, могут быть использованы в качестве основных тем предмета вводного практикума каллиграфии по языкознанию в высших и средних учебных заведениях.


**RESUME**

**of the dissertation of Osmonalieva Sabira Choyonovna on the topic "Scientific foundations of improving the writing culture of future teachers at the pedagogical Faculty of universities" for the degree of candidate of pedagogical sciences in the specialty 13.00.02 - theory and methodology of teaching and education (Kyrgyz language).**

**Keywords:** culture, writing culture, calligraphy, innovative technologies, competence, teaching methods, teacher's professional activity, teacher's pedagogical technique, professional culture, ethics of writing.

**The object of the research**: to study the process of formation of the written culture of primary school students at the early stages of education.

**Subject of research:** ways and methods of studying the process of teaching students of pedagogical faculties of higher and secondary educational institutions to form a student's written culture.

**The purpose of the research**: to develop the basics of teaching students of the pedagogical faculty of higher educational institutions of the Kyrgyz Republic to form a student's written culture.

**Research methods:** analysis of scientific literature, observation, questioning, interviewing, experimental learning, analysis and synthesis, pedagogical experiment, case study, induction and deduction, hermeneutics.

**The scientific novelty of the research**: the level of professional pedagogical training of students studying at the pedagogical faculties of higher educational institutions of the republic, future primary school teachers in the work on the formation of a culture of writing is determined, its essence and structural structure are clarified.

The high level of formation of the written culture of a primary school student and ways to improve the training of future teachers are revealed, the role of pedagogical creativity is realized, the individualization of the educational process, its integration with language, literary readings, alphabetical and other types of professional pedagogical activity.

**Scope of application:** the methods and principles developed as a result of scientific analysis of the problem of formation of the written culture of a primary school student can be used as the main topics of the introductory workshop of calligraphy in linguistics in higher and secondary educational institutions.

Кагаздын форматы 60 х 90/16. Көлөмү 3 п. л.
Офсеттик кагаз. Нускасы 50 даана.
“Софбасмасы” ЖЧК да басылып чыкты
720020, Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү, 92.